**Шарттар жана эрежелер**

«КСБ Коммерциялык Банкы» ЖАК (мындан ары – Банк) банктык картаңызды коопсуз байланышсыз төлөм кызматтарында (мындан ары – Кызмат) колдонуу мүмкүнчүлүгүн берет. Кызмат дүкөндөрдө, тиркемелерде жана интернетте операциялык системалардагы түзмөктөр аркылуу төлөм жүргүзүүгө мүмкүндүк берет.

Кызмат физикалык карталарды алмаштырып, алардын санариптик көчүрмөлөрүн (мындан ары – Токенизация) тиешелүү тиркемеде (мындан ары – Wallet (Капчык)) сактайт. Банктын картасын Wallet (Капчык) ичине кошуп, Кызматта колдонсоңуз болот: 1. мобилдик түзмөктүн тиешелүү тиркемелери аркылуу өз алдынча, 2. Банктын KSB Online мобилдик тиркемеси аркылуу же 3. Банктын байланыш борборуна кыска 2424 номери же мобилдик операторлордун номерлери аркылуу кайрылып: О!: +996 (705) 54 34 24, Mega: +996 (755) 54 34 24, Beeline: +996 (222) 54 34 24.

Маанилүү: картаны токенизациялоодо жеке маалыматыңыздын бир бөлүгү ушул кызматтын иштешин камсыз кылуучу үчүнчү тараптарга берилет.

Банктын картасын Wallet (Капчык) ичине кошуудо – Кызматка байлоодо кошумча шарттар жана жоболор колданылбайт. Картаны колдонуу жана түзмөктөр же интернет аркылуу төлөмдөрдү жүргүзүү Банктын физикалык банктык картасын стандарттуу колдонуудагыдай эле шарттарда жүзөгө ашырылат. Карталарды колдонуу эрежелери менен Банктын расмий сайтынан таанышсаңыз болот.

Банктын атыңызга ачылган картасынын, ошондой эле Wallet (Капчык) орнотулган жана карта кошулган түзмөгүңүздүн, KSB Online мобилдик тиркемесинин коопсуздугун камсыз кылуу маанилүү. Эгер карта Wallet (Капчык) ичине кошулган же Кызматка байланган болсо, түзмөгүңүзгө кирүү мүмкүнчүлүгү бар жана логин, сырсөз, PIN-код же башка аутентификация каражаттарын билген каалаган адам картаңызды төлөмдөр үчүн колдоно алат.

Түзмөктү жоготкон, ага кирүү мүмкүнчүлүгү бузулган же картанын уруксатсыз колдонулушуна шек келтирген учурда картаны KSB Online мобилдик тиркемеси аркылуу же Банктын байланыш борборуна кыска 2424 номери же мобилдик операторлордун номерлери аркылуу кайрылып дароо бөгөттөсөңүз болот: О!: +996 (705) 54 34 24, Mega: +996 (755) 54 34 24, Beeline: +996 (222) 54 34 24.